Кабыл алынды

№ 1 ------- пед. кеңешме

"08" 28 2022-ж

"Бекитемин "

Мектеп директору:

Кулматова Дж.К. ---------------

## ОЛИМПИАДА иштери боюнча ЖОБО

### 1. Жалпы жобо:

1.1 Жобо мектеп олимпиадасын өткүчүн иреттүүлүгүн , уюштуруу учурун , жеңүүчүлөрдү аныктоону , методикалык жардам берүүнү камсыздайт.

1.2 Олимпиаданын негизги максаты жана тапшырмасы окуучулардын өнүгүүсү арттыруу , чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү, предметтер боюнча илимий ишмердүүлүккө, окуу жана практикагага кызыктыруу, өзгөчөлөнгөн окуучуларга шарт түзүү, талантуу балдарды топтоо.

1.3 Мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептерде олимпиадага окуучудар өз эрки менен катышат.

1.4 Олимпиада 4 этап менен өткөрүлөт; мектептик, райондук, областтык жана республикалык.

1.5 Олимпиаданы уюштурууучулар төмөнкүлөр:
- жалпы билим берүүчү мектептер
- райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү
- областтык билим берүү бөлүмдөрү
- КР нын ББМ

1.6 КР нын ББМ тарабынан жалпы билим берүүчү программага ылайык предметтерден түзүлүп, көрсөтмөлөрү бекитилип, олимпиаданын тапшырмалары түзүлөт.

1.7 Мектепт олимпиадасынын ээ болуучу орундарынын эсеби болбойт

1.8 Окуучулардын олимпиадага катышуудагы жыйынтыгы менен олимпиаданын жеңүүчүлөрү аныкталат. Олимпиаданын жеңүүчүлөрүнүн фамилиялары топтогон баллына жараша мамычы түрүндө жазылат, эгерде бир нече окуучу бирдей баллга ээ болуп калышса, алфавиттин иретинде жазылат.

1.9 Жеңүүчүлөрдүн диплом, граммоталарына мектеп директорунун колу коюлу мөөр басылышы керек.

1.10 Олимпиаданын өтүшүнө , уюштуруу иштерине уюштуруу комитети , мектеп администрациясы жана предметниктер жооп беришет.

## 2. Мектеп олимпиадасынын иреттүүлүгү:

2.1 Мектеп олимпиадасы 25-октябрдан 25-ноябрга чейинки аралыкта өткөрүлөт. Олимпиаданын датасы, мөөнөтү ,предмети , өтүүчү бөлмөсү дана , так жазылып илинип коюлушу керек.

2.2 а) М.олимпиадасын өткөрүү үчүн атайын уюштуруу комитети, калыстар тобу комиссия мүчөлөрүнүн курамы түзүлөт. Комиссия курамына МБЖ ри кирүүгө милдеттүү.

б) М.олимпиадасынын предметтеринин тапшырмалары МБ кеңешмесинде кабыл алынып, ОББ текшерет да, директор бекитет.

2.3 М.олимпиадасына жалпы билим берүү программасына ылайык предметтердин тапшырмалары түзүлөт да 5-11- класска чейин өткөрүлөт.

2.4 М.олимпиадасын 2 этап менен өткөрсө болот. 1- каалоочуулард\лардын бары катышат. 2- жеңүүчүлөргө (жогорку балл алгандарга) кайрадан дагы өткөрүү керек.

2.5 а) Жогорку баллга ээ болгон окуучулар мектеп олимпиадасынын жеңүүчүлөрү болуп эсептелет.

б) Эгерде жеңүүчүлөр тандалбай калса , анда сыйлыкка ээ болуучулар гана белгиленет.

2.6 а) М.олимпиадасынан сыйлыкка ээ болгондору предметтер боюнча тандалат да , кайрадан даярдалып, райондук олимпиадага барууга укук алышат.

б) Эгерде жеңүүчүлөрдүн сыйлыкка татыктуу болгондорунун баллы бирдей болуп калса, калыстар тобу чечим чыгарып, жеңүүчүнү аныктайт.